УДК: 91(575.2)

*Каниметов А. К., тарых илимд. канд., доцент*
*Эшиева Т. Ж., окутуучу*
*К. Тыныстанов ат. ЫМУ, Кыргызстан*

## КАРАКОЛ ШААРЫНЫН ТҮПТӨЛҮШҮ

*Макала Каракол шаары Ысык-Көл облусунун борбору катары түптөлүшү тууралуу тарыхый маалыматтарга, окумуштуулардын изилдөөлөрүнө таянып жазылды. Шаар алгач Каракол суусунун төмөнкү агымында, Чүй өрөөнүнөн Чыгыш Түркестанга кеткен кербен жолдун боюнда падышалык бийлик тарабынан негизделгендиги жана уезддин борборуна айлангандыгы көрсөтүлөт.*

***Өзөктүү сөздөр:*** *шаар, облус, Каракол, Ысык-Көл, Жети-Суу, Пржевальск.*

*Каниметов А. К., канд. истор. наук, доцент*
*Эшиева Т. Ж., преподаватель*
*ИГУ им. К. Тыныстанова, Кыргызстан*

## ОСНОВАНИЕ ГОРОДА КАРАКОЛ

*Статья основана на исторических данных по городу Каракол, столицы Иссык-Кульской области, и исследованиях ученых по становлению этого города. Сведения об образовании города были впервые описаны в статье об основании города царскими властями вдоль караванного пути из Чуйской долины в Восточный Туркестан в низовьях реки Каракол и становлении столицей округа.*

***Ключевые слова:*** *город, область, Каракол, Иссык-Куль, Семиречье, Пржевальск.*

*Kanimetov A. K., candidate of historical science*
*Eshieva T. J., teacher Issyk Kul state university*
*Issyk-Kul State University. K. Tynystanova,*
*Kyrgyzstan*

## THE FOUNDATION CITY OF KARAKOL

*The article is based on the historical data of the city of Karakol, the capital of the Issyk-Kul region, and the research of scientists on the formation of this city. The formation of the city was first described in an article about the founding of the city by the royal authorities along the caravan route from the Chui Valley to East Turkestan in the lower reaches of the Karakol River and became the capital of the district.*

***Key words:*** *city, region, Karakol, Issyk-Kul, Semirechye, Przhevalsk.*

Каракол шаары ыңгайлуу жерде жайгашкан: бир жагы – күнгөй Ала-Тоо, бир жагы – тескей Ала-Тоо, ыйык Ысык-Көлдүн дал орто төрүндө. Башка шаарларга салыштырмалуу, Каракол соода түйүнү катары же жолдордун кесилишинде эмес, тынч, жай, эс алуучу жагымдуу шаар катары түптөлгөн.

Каракол шаарынын пайда болушунун так маалыматы жана бул кандайча болгону тарыхта сакталып калган. Түндүк Кыргызстан Россиянын карамагына кошулгандан кийин Ысык-Көл өрөөнүндө негизделген алгачкы элдүү пункттардын бири болуп саналат.

Каракол – Ысык-Көл облусунун борбор шаарынын жана капчыгайдын суусунун аты. Каракол – "кара – чоң, кол – армия, аскер" деген маанилерди билдирет.

Санжырачылардын айтымында, илгери өткөн мезгилдерде азыркы Каракол шаарынын жайгашкан жери ажайып кооз, чер токойлуу болгон экен. Ошондуктан бул

жерде чоң кол, чоң аскер өргүүчү экен. Айтылуу Темирландын колу да, ушул жерге келип өргүгөн дешет. "Кара" сөзү кыргыз элинин түшүнүгүндө "улуу, эбегейсиз чоң, күчтүү, касиеттүү, зор" деген маанини туюнтуп турат.

2. "Каракол" калмак сөзү деген да гипотиза бар. Калмак тилинде кол – "чер", "токой" деген маанини туюнтуп турат. Мурда бул жер калың чер баскан токой болгондуктан, ошол карагай черлерди кыйып, шаардын алгачкы турак-жайларын салышыптыр. Ошондуктан "калың өскөн токой чер" деген мааниде "Каракол" атка конгон экен.

3. Кара колдуу, дарымчы кара киши биринчилерден болуп ушул жерге там салып, элди ар кандай оорулардын айыктырган экен. Ошол себептен бул жер "Каракол" деп аталып калыптыр.

4. Азыркы Каракол капчыгайында карагайлар адамдын колунун беш манжасынын салааларындай болуп тирелип тургандыгынан улам, ошол тирелген карагайларга байланыштуу "Каракол" деп аталып калган.

Азыркы шаар жайгашкан жерде эл эзелтен эле отурукташып, чарба жактары өздөштүрүлүп келген. Буларга ар түрдүү археологиялык табылгалар, мисалы, Челпек жана Каракол тарыхый буюм-тайымдары, ташка чегилген сүрөттөр, сак-усундардын мезгилиндеги көрүстөндөр жана башкалар күбө боло алат. Маселен, усундар жашаган убакта ушул шаардын күн чыгыш жагында жайгашкан күмбөздөрдөгү археологдордун табылгаларынан байыркы замандан шаар аймагында биздин кылымга чейинки II-I кылымдарда жашоо-турмуш, тиричилик уланып келишин көптөгөн тарыхый архивдик булактар күбөлөндүрөт.

Монголдордун басып алуусуна чейинки жана андан кийинки табияттын ар кандай кыйраткыч кырсыктарынан кийин, XIX кылымдын 60-70-жылдарында жер иштетүү, отурукташуу маданияты менен шаардын жашоосу жандана баштаган.

1864-жылы Түндүк Кыргызстандын негизги бөлүгү жана Сыр-Дарыядагы Кокон хандыгынын орчундуу бөлүгү Россияга кошулгандан кийин, бул жерлерди башкарууну уюштуруу маселеси жаралды. Бул жагдай орус падышачылыгынын үстөмдүгүн жаңы ээлеп алынган аймактарды бекемдөө үчүн жана ошондой эле саясий көз караштардан келип чыккан. Түндүк Кыргызстан менен Батыш Кытайдын чектешкен жерлериндеги дунган жана башка улуттагы элдердин көтөрүлүштөрү Ысык-Көл жээгине жана Казакстандын чыгыш аймагына жайылып кетиш коркунучу жаралган.

1867-68-жылдары падыша өкмөтү тарабынан административдик реформа кабыл алынып, анын негизинде Казакстандын аймагы үч генерал-губернаторлукка бөлүнүп, Батыш Сибирь жагынын борбору Омск, Оренбург тарабынын борбору Оренбург, ал эми Түркестан тарабынын борбору Ташкент аталган. Түркестан генерал-губернаторлугуна эки чоң облус кирген. Алар – Сыр-Дарья жана Жети-Суу. Ал эми облустар уезддерден турган. Жети-Суу облусу 1891-жылга чейин беш уездден туруп, ал уезддер Верный, Копаль, Сергиополь, Токмок, Ысык-Көл (борбору Каракол) болгон.

Падыша бийлиги Ысык-Көл өрөөнүндө, Чүй аймактарында согуштук-административдик коргонуу бөлүктөрүн ачуу менен бирге, жаңы алынган жерлерде өз ээлигин кеңейтүү максатында Жети-Суу областына колонизациялык багыт менен орус дыйкандарын көчүрүп келе баштаган. Ал эми Каракол Ысык-Көл өрөөнүнүн Чыгыш бөлүгүнөн орун алып, Батыш Кытай жана Жунгар, Кашкар жерлери менен чектешип турган.

Бугу кыргыздарынын падыша өкмөтүнө болгон өтүнүчүнө карата 1864-жылдары анча чоң эмес Ак-Суу чеби уюшулуп, бул жерлерди уезддик башкаруучулар башкара баштаган.

1867-жылы Түркестан генерал-губернаторлугунун уюшулушу менен Жети-Суу областы ага баш ийип, бул область эң маанилүү соода кербен жолунда жайгашып, түндүк-батышы Казакстан, ал эми чыгышында Цинь Кытайдын Синьзянь провинциясы аркылуу соода өтүп турган. Ошондуктан Туркестандын генерал-губернатору К. Кауфман уездик борборду гарнизону менен бирге аскердик-административдик жана соода транспортуна ыңгайлуу жерге жайгаштырууну чечкен. Бул чечимге келиш үчүн Ысык-Көл өрөөнүнүн жаратылышынын географиялык өзгөчөлүктөрү, соода жолу менен таанышып чыгуу керек болгон. Бул ишти турмушка ашыруу 1868-жылы Түркестан согуш округуна жиберилген “Генералдык штабдын Акедемиясынын” бүтүрүүчүсү Александр Васильевич Каульбарска тапшырылган.

А. В. Каульбарс өзүнүн эскерүүсүндө жазгандай, генерал катары жана орус географиялык коомунун мүчөсү катары төмөндөгү тапшырмаларды аткарууга тийиш болгон:

Биринчиден, талыкпастан жүргүзүлгөн изилдөө иштеринен жана чогултулган материалдардан кийин соода-аскердик мамилелерге карата Ак-Суу суусунун жээги борборго ыңгайсыз деп табылсын.

Экинчиден, жаңы шаарчаны куруучу аймактын сүрөттөрү тартылып алынган.

Үчүнчүдөн, жаңы уюшулуп жаткан шаарчанын планын чийүү үчүн көчөлөргө жана аянтчаларга бөлүү керек болгон.

Төртүнчүдөн, бул шаар эки рота жана куралданган эки казармалык отряддын коргоосунда болгон.

Бешинчиден, 1869-жылы казарманын иши токтоосуз түрдө күз айларына чейин бүтүрүлүшү талап кылынган.

Алтынчыдан, Токмоктон Кашкарга чейин дөңгөлөктүү жолду куруу үчүн перспективдүү багытты тандоо керек болуп, бул жол жаңы түзүлгөн шаар аркылуу өтмөк.

А. В. Каульбарс көп өтпөй эле өзүнүн уюштургуч жана куруучулук, изилдөөчүлүк жөндөмү менен 1869-жылы 16-майда Жети-Суунун борбору Верныйда болгон. Жети-Суу аскер губернаторунун милдетин аткаруучу полковник Колокольцев А. В. Каульбарска Ысык-Көлдүн чыгыш тарабына экспедицияны уюштурууга көмөк көрсөткөн. Ага жардам иретинде согуштук коргонуу курулуштарын өздөштүрүүгө капитан Семякинди жана жөндөмдүү аскердик топографтар Ф. Петров менен О. Рейнгардды кошуп берген. Бул адамдарды коштоо үчүн Кокориндин жетекчилиги астында жетисуулук алты казак жиберилген.

1869-жылы 31-майда экспедициялык кербен Верныйдан Ак-Суу тарапка багыт алып, 10 күндүн аралыгында Ак-Суу жергесине ийгиликтүү жетишкен. Уездик борборду орнотууга Ак-Суу ыңгайсыз болгон жана көчүп келген орус дыйкандары бул аймакта отурукташууну каалабастан, көлгө жакыныраак, Каракол суусун төмөнкү жээктерине отурукташа баштаган.

1869-70-жылдардагы Каракол шаарынын тарыхы боюнча А. В. Каульбарстын эскерүүсүндө: “Жаңы крайдын территориясы, жаратылыш шарты менен жакшы таанышып, ошол кездеги балыкка бай көлгө суктандым”, - дейт. Ал өзүнүн элестетүүсүндө Пристандагы пароходдору менен чоң порт шаарды жана жакынкы курорту менен шаардын картинасын тарткан.

Каракол шаары адегенде анча чоң эмес айыл катары Каракол суусунун төмөнкү агымында, Чүй өрөөнүнүн Чыгыш Түркестанга кеткен кербен жолдун боюнда (Улуу Жибек жолунун бир тарамы) 1869-жылы падышалык бийлик тарабынан негизделген. Шаардын негизги көчөлөрү, соода жайлары пландалып, казарма жайгаштырылган.

Шаардын калган аянтынын геометриялык чиймесин А. В. Каульбарс уезддин начальниги А. П. Чайковскийге өткөзүп берген.

1869-жылы 9-сентябрда Ак-Суу чебинен гарнизон көчүп келип, жаңы аскер чеги Каракол деп аталып уезддин борборуна айланган.

1870-жылы 8-февралда Кауфмандын тааныштыруусу менен падыша Александр IIнин буйругу жарык көргөн. Ушул официалдуу документ Россия империясынын мыйзамдары менен бекитилип, бул жаңы шаардын жаралышы менен дагы байланыштуу болгон. Шаардын аты Каракол деп аталып, шаарга көчүп келген элдин саны көбөйүү менен, 1872-жылы шаарда 80 үй, 52 майда дүкөн жана 5 тегирмен салынып, бул жакка Ташкенттен, Түркестандын башка шаарларынан татар, өзбек улутундагы адамдар келе баштаган. 1885-жылы өмүрүнүн 20 жылын борбордук Азиянын изилдөөгө арнаган атактуу орус географы, саякатчысы Н. М. Пржевальскийдин Каракол шаарына келиши караколдуктар үчүн өзгөчө тарыхый мааниге ээ. Каракол шаарынын тургундары Борбордук Азиянын биринчи изилдөөчүсүн, өзүнүн 4-саякатынан келе жаткан адамды кучак жайып тосуп алышкан. 1888-жылы өзүнүн 5-саякатына даярданып жаткан Н. М. Пржевальский кайрадан бул шаарга келген да, бирок саякаты ишке ашпай калган. Ооруп каза болоор алдында өзүнүн сөөгүн Ысык-Көлдүн жээгине экспедициялык кийими менен коюуну өтүнүп кеткен.

1889-жылдын 11-мартында падышанын указы менен Каракол шаары Пржевальск шаары болуп жарыяланып, 1894-жылы 26-июнда Н. М. Пржевальскийдин көрүстөнүнүн жанында ага арналган эстеликтин ачылышынын салтанаттуу аземи өткөн. Пржевальск шаарында узак мезгилге чейин В. В. Сапожников, А. Н. Краснов, Д. И. Мушкетов, В. Бартольд, австриялык профессор Мерцбахер жана башка көрүнүктүү илимпоздор эмгектенишкен. Шаар түзүлгөндөн тартып эле Кыргызстандын түндүгүндөгү элдүү пункт катары жана орус маданиятынын борбору болуп калыптанган. 1880-жылдан тартып шаарга Россиянын борборунан, Украинадан жана Волга боюнан тургундар келе баштаган. Шаардын тургундары жер иштетүү, бакчылык менен эмгектенишкен жана соода жүргүзүшкөн. 1881-жылы шаарда Кыргызстандагы биринчи метеостанция пайда болуп, аны окумуштуу, генерал-майор, Россиянын география коомунун анык мүчөсү Ярослав Иванович Корольков негиздеген. Ал областтын климатын изилдөө менен климаттык таблицаларды түзүп, Петербургдагы Орус-географиялык коомуна жөнөтүп турган.

1895-жылы Пржевальск шаарынын коомдук чогулушунун чечими менен шаарда элдик китепкана, окуу залын ачуу тууралуу чечим кабыл алынган. 1902-жылы Жети-Суу областынын аскердик губернаторунун уруксаты менен Кыргызстандагы биринчи китепкана жана шаардыктардын балдары үчүн мектеп ачылган.

1908-жылы 19-мартта падыша өкмөтү Каракол шаарынын гербин бекитип, ал бир эле мезгилде уезддин дагы герби болгон. 1912-жылы шаарда 2 чиркөө, 9 мечит, 4 мектеп, 1 орус-тузем мектеби жана коомдук китепкана иштей баштаган. Мындан сырткары, шаарда завод-фабрикалардын ишканалары иштеп, аларда пиво, тери иштетүүчү, самын, токой-чарба продукциялары, суу тегирмендери болгон. Шаар тургундарынын негизги бөлүгү токой, айыл чарба, багбанчылык жана аарычылык менен алектенишкен. Шаардын көп улуттуу калкынын ичинен орус элинин маданияты олуттуу эле. XX кылымда 102 соодагердин 78и татарлар болгон. Ал эми татар мечити ошол кездеги Пржевальскийдеги имараттардын көрүнүктүүсү деп белгилесек болот.

Дунган коому тарабынын шаарга 1907-1910-жылдарда Пекинден Чжоу Сы аттуу архитектор жыйырма жардамчы усталары менен чакыртылып, жыгачтан уникалдуу

мечитти тургузушкан. Каракол шаары революцияга чейин Ысык-Көлдөгү эң ири өнөр жай борбору болуп эсептелген.

1909-жылы “Поощрительное скаковое общество” деген уюм түзүлүп, андан түшкөн каражатка 1910-жылы ипподром курулган. Шаардагы медициналык мекемелерден аскердик лазарет, ошондой эле шаардык-уезддик аптека уюшулган. Николай Матвеевич Барсов шаардын биринчи старостасы болуп эсептелген. Шаардын маданий өнүгүүсүнө Н. М. Барсовдун кошкон салымы зор. Ал Москва медициналык институтун бүтүргөндөн кийин өз каалоосу менен бул жерге гарнизондук врач болуп келип, 22 жыл эмгектенген. Мектептердин, шаардык китепкананын ачылышына жана эс алуу паркында көчөттөрдү отургузууга чоң салым кошкон.

1913-жылдан тартып шаарда “Пржевальский сельский хозяин” деген ат менен алгачкы журнал жарыкка чыккан. Совет бийлигинин алгачкы күндөрүндө шаарда 7 мектеп, аялдар гимназиясы, эркектер окуу жайы, интернат, 4 медресе жана ар түрдүү уюмдар иштеген.

Каракол шаары орус жана чет өлкөлүк, саякатчылардын Азияны изилдөөчү базасы болгон.

**Адабияттар:**


1. Мокрынин В. П., Плоских В. М. Иссык-Куль: Затонувшие города. -Фрунзе: Илим, 1988.
2. Мокрынин В. П., Плоских В. М. На берегах Иссык-Куля. - Бишкек, 1992.
3. История Киргизской ССР с древнейший времен до наших дней в пяти томах. - Фрунзе, 1986. 161-б.
4. Джамгерчинов Б. Д. О прогрессивном значении вхождения Киргизии в состав России. - Фрунзе, 1963. 35-б.
5. Туркестанские ведомости. -1887. - №49. с.193.
6. Иссык-Куль. Нарын .Энциклопедия. - Фрунзе, 1991. -с. 409.
7. Кронгардт Г. К. Население Киргизии в последней трети XIX – начале XX века. - Фрунзе, 1989. -с. 43.
8. Филиал ЦГА РК. г. Каракол. Спец. папка. К истории основания города Прежевальска. Воспоминания генерала от кавалерии барона А. В. Каульбарса.
9. ЦГА Республики Казахстан ф. 44, оп.1, д. 646, л. 9.